УДК 37.01:004

Асипова Н.А.
*Кыргыз-Түрк Манас университети*

# КЫРГЫЗСТАНДА КӨП БАСКЫЧТУУ ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮГӨ ӨТҮҮНҮН СТРАТЕГИЯСЫН ШАРТТООЧУ ФАКТОРЛОР

*Бул макалада учурдагы Кыргызстандын жогорку окуу жайларындагы көп баскычтуу билим берүү стратегиясын жана мазмунун аныктоо проблемалары жана аларды шартточу факторлорго анализ берилет.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *жогорку билим берүү, билим берүү факторлору, билим берүү реформасы, көп баскычтуу жогорку билим.*

*В статье рассматриваются факторы, влияющие на стратегию и содержание многоуровневого высшего образования в Кыргызстане.*

***Ключевые слова:*** *высшее образование, факторы фысшего образования,реформа образования, многоуровневое высшее образование.*

*This article discusses the factors influencing the strategy and content of multilevel higher obrazovniya in Kyrgyzstan.*

***Keywords:*** *higher education, factors fysshego education, education reform, multi-level higher education.на английском языке*

Учурда Кыргыз Республикасындагы жогорку окуу жайлар көп баскычтуу жогорку кесиптик билим берүү стратегиясын аныктоо алдында турат. Кандай гана мамлекет болбосун, анын стратегиялык деңгээлдеги билим берүү маселелеринин чечилиши, сөзсүз түрдө, ошол өлкөнүн экономикалык, саясий, социалдык жана маданий өзгөчөлүктөрүнөн келип чыккан фактолорду эсепке алуу менен чечилиши керек. ЖОЖдордогу көп баскычтуу билим берүүгө таасир тийгизүүчү негизги социалдык жана маданий факторлорго төмөнкүлөрдү киргизүүгө болот:

1. Өлкөдө билим алууга муктаж жаштардын көп экендиги (6 млн калктын 3,1 млн жаштар түзөт).
2. Кыргыз элинин менталдуулугуна мүнөздүү билимге болгон позитивдүү мамиленин күчтүүлүгү.
3. Өлкөнүн калкынын көп улуттуу жана көп тилдүү экендиги.
4. Билим тармагынын базар экономикасынын шарттарына ыңгайлашуу зарылчылыгы.
5. Учурдагы жогорку билим берүү системасына мүнөздүү көп баскычтуулук жана көп мазмундуулуктун бар экендиги ж.б. кирет.

Жогоруда белгиленген өзгөчөлүктөр республикадагы жогорку окуу жайлардагы билим берүү тармагы үчүн объективдүү фактор болуп эсептелүү менен, жогорку квалификациялуу адистерди даярдоонун өзгөчө стратегиясын, башкача айтканда, тышкы тенденцияларды, ички өзгөчөлүктөрдү жана жаштардын билим муктаждыктарын эсепке алуу менен жүргүзүлө турган **реформалоо, билимдин мазмунун модернизациялоо, билимдин инвестициялык наркын арттыруу, билим сапатын камсыз кылуу, билимдин фундаменталдуулугу менен анын практикалык натыйжалуулугун арттыруу сыяктуу талаптардын актуалдашуусун шарттайт.**

Жогоруда белгиленген факторлорду эске албастан жүргүзүлгөн жогорку билим реформасы өлкө үчүн да, жеке инсан үчүн да кайтарымы төмөн болуп, эң негизгиси, жалпы эле жогорку билимдин наркынын түшүшүнө, жаштар арасында билим алуу мотивациясына терс таасир тийгизет.

Аталган өзгөчөлүктөргө токтоло турган болсок, төмөнкүлөрдү көрүүгө болот:

1. **Өлкөдөгү билимге муктаж жаштардын көп экендиги жана алар үчүн билимдин баалуулук критерийинин өзгөрүшү.** Аталган факторго жараша Кыргыз Республикасындагы жалпы калктын санынын 31% жаштар түзүп тургандыгы жана алардын

37,3 % окуучулар, анын ичнде ЖОЖдордогу студенттердин саны 2007-2008-окуу жылга карата 243 миң адамды түзгөн. Жалпы калктын санынын 3,1 бөлүгүн жаштар түзүп тургандыгы өлкөнүн келечеги бар дегендикти билдирет. Бүгүнкү күндө билим алып жаткан 14-28 жаштагы окуучулар 1990-жылдардан кийин төрөлгөндөр болуп эсепетелет. Мунун өзү биздин алдыбызда советтик социалистик система кулап, Кыргызстан эгемендүүлүкө жетишип, өлкө базар экономикасына толугу менен багыт алгандан кийинки мезгилде төрөлгөн жаштар менен иштөө, аларга билим берүү маселеси келип чыкты дегендикти билдирет. Аталган үч шарттын алкагында калыптанып келе жаткан жаштардын дүйнөгө болгон көз карашы, билимге болгон талабы, баалуулук багыттары мурдакы муундагы жаштардыкынан кескин айырмаланып, алар үчүн билимдин руханий дөөлөт катары наркынын тышында, анын (билимдин) турмушта ордун таап жашап кетүүгө, коомдогу социалдык баскычка көтөрүлүүдөгү социалдык лифт катары баалуулугу артат. Эгерде бул фактор менен эсептешпесе, ЖОЖдор өзүнүн негизги контингентинен ажырайт жана жаштардан алыстайт.

2. **Кыргыз элинин менталдуулугуна мүнөздүү билимге болгон позитивдүү мамиленин күчтүүлүк фактору** байыртадан келе жаткан кыргыз элине мүнөздүү билим, билимдүү адамга карата болгон терең сый, урматка байланыштуу. Муну элибиз көптөгөн макал-ылакаптарда: “Билеги күчтүү бирди жыгат, билими күчтүү миңди жыгат”, “Билим - түгөнбөгөн кенч”, “Билим ийне менен кудук казгандай” сыяктуу ойлорунда чагылдырышкан. Аталган фактордун таасирдүүлүгү, бир жагынан, байыркы көчмөн кыргыз элинин тарыхый басып өткөн жолунда өз менталдуулугуна мүнөздүү табигый таалим-тарбиясы болгондугуна карабастан, жапырт билимсиз болуп, уюштурулган билим системасы болбогондуктан, карапайым калк көптөгөн замандар бою билимсиз болуп келгендиги менен түшүндүрүүгө болот. Ал эми, экинчи жагынан, совет бийлиги учурунда жогорку билимдүү адистердин, адамдардын, негизинен, башкаруу чөйрөсүндө иштөөсү жана алардын калктын башка катмарына салыштырмалуу жакшы жашашы, жалпы калк арасында жогорку билимдүү адамдын аброю бийик болот деген көз караштын, стереотиптин бекемдешине алып келип, ата-энелер тарабынан балдарга сөзсүз түрдө жогорку билим берүү керек деген өз караштыбекемдеген жана бул көрүнүш турмушта кеңири орун алып келет.

**3. Билим берүү тармагындагы дагы бир маанилүү өзгөчөлүк бул - өлкөнүн калкынын көп улуттуу, көп тилдүү экендиги.** Бул фактор мамлекеттеги билим тармагындагы көп тилдүүлүк, көп маданияттуулук тенденцияларынын актуалдашын шарттайт. Учурда Кыргыз Республикасында 80 ашык улуттардын өкүлдөрү жашап, алар өз жашоо-тиричилигинде ар кандай тилдерде сүйлөшөт жана колдонушат. Өлкөнүн көп улуттуу болушу объективдүү түрдө билим берүүдөгү тил маселесинин жашашы менен коштолот. 1989-жылдан бери мамлекеттик тилдин расмий түрдө илим, билим чөйрөсүнө кириши, орус тилинин 2000-жылдан баштап расмий баарлашуу тили катары кабыл алынышы, аз сандагы калктардын өз эне тили аркылуу өз иденттүүлүгүн сактап калуу аракеттери, көптөгөн мамлекеттер аралык ЖОЖдордун ачылышы, билим берүү системасында жогору окуу жайлардагы билим берүү тили маселесинин актуалдашуусуна алып келди. Мисалы, республикада жүрүп жаткан тышкы миграцияга байланыштуу (1979-жылы өлкөдө орус калкынын саны 25,9% түзсө, 1999-жылы 12,5% түзүп калды), орус калкынын санынын азайышы, орус тилдүү мектептердин санынын кескин түшүшүнө алып келген жок. Мунун өзү калк арасында орус тилинде билим алууну каалагандардын саны арбын экендиги менен түшүндүрүлөт. Тетирисинче, 1990-жылы орус тилдүү мектептердеги окуучулардын саны 298,6 миңди түзсө, 2000-жылы бул сан 312 миңди түздү, демек өсүш бар. Булардын көпчүлүгү орус тилинде билим алууну каалаган кыргыз жана башка улуттун өкүлдөрү болуп саналат. Ал эми ЖОЖдордун бюджеттик бөлүмүндө окуган **26331** студенттердин **16356** билим алуу тили катары орус тилин тандагандыгын көрүүгө болот. К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин илимий окутуу

лабораториясынын изилдөөлөрүнө карата келечекте орус тилинде билим алууну каалагандардын саны 57% түзүп тургандыгы - бүгүнкү күндөгү реалдуулук. Андыктан Кыргыз Республикасындагы билим берүү тармагында **көп тилдүү билим берүүгө – мультилингвизмге** багыт алуу зарылчылыгы жашайт [2]. Белгиленген көрүнүштөр Кыргызстанда мамлекеттик тилдин жанында башка тилде билим алууну каалагандардын санынын басымдуу экендигинен кабар берүү менен, аталган фактор менен эсептешүү керек экендигин билдирет. Ошол эле изилөөлөрдө билим берүү тили маселесине келгенде, Кыргыз-Түрк Манас универистетинин өрнөгү жөнүндө көп айтылып келет. Бул университетте негизги эки тилдин – кыргыз жана түрк тилдеринин жанында орус, англис тилин үйрөнүүгө жакшы шарттар түзүлгөндүгү, окуу билим сапатынын жогору экендиги жөнүндө белгиленет [1].

4. **Билим тармагынын рынок экономикасына ыңгайлашуу зарылчылыгы.** Бул фактордун таасири ЖОЖдордун учурдагы экономикалык абалга жооп берүүсү жана буга байланыштуу ар кандай катмардагы адамдар үчүн билим алуунун ар кандай траекториясын аныктоо, билим берүүчү мекемелер тарабынан билим берүү кызматын көрсөтүү менен калктын билимге болгон муктаждыгын канааттандыруу, билим берүүнү кирешелүү тармакка айлантуу сыяктуу маселелер менен коштолот. Буга байланыштуу бүгүнкү педагогикада билим берүү кызматы, билим экспорту, альтарнативдүү билим, кошумча билим сыяктуу түшүнүктөр пайда болуп, алар конкреттүү маңыз, маанини ташуу менен ЖОЖдордун билим рыногундагы ордун аныктоону талап кылып жаткандыгын көрүүгө болот. Өзгөчө, акыркы убакта билимдин глобалдашуусуна ылайык билим тармагындагы экономикалык карым-катнаштардын күч алышы билим экспортуна алып келди. Алсак, Кыргыз Республикасынын Билим Концепциясына ылайык, республиканын ички дүң продукциясында (ВВП) билим берүү тармагы тарабынан башка мамлекеттин жарандары үчүн билим берүүнү экспорттоонун механизмдерин иштеп чыгууну күчөтүү маселелери каралаган.

Мамлекет деңгээлинде каралып жаткан мындай иш-чаралар билим тармагынын базар экономикасы шартындагы кирешелүү булакка айланып бара жаткандыгы жана буга байланыштуу ЖОЖдордо билим берүүнүн максат-милдеттеринен баштап, мазмун жана натыйжага чейинки компоненттеринин бардыгын модернизациялоо талабын коюп жатат. Бүгүнкү күндө КМШ өлкөлөрүнүн тышында Кыргызстандан келип жогорку билим алып жаткан студенттердин саны 2013-2014 окуу жылына карата 3 467 миңди түзгөн [3].

Кыргыз Республикасындагы билим берүүнү экспорт катары изилдөөчүлөр биздин өлкөнүн кыска убакыт ичинде билимди экспорттоочу мамлекетке айлануусун өлкөнүн географиялык абалы, башка өлкөлөргө карата ачыктыгы, демократиялык процесстердин күчтүүлүгү, калкынын толеранттуулугу, жогорку билимдин деңгээлинин жана сапатынын башка чектеш мамлекеттерге салыштырмалуу жогору экендиги менен түшүндүрүшөт. Мунун өзү Кыргызстандагы жогорку билим тармагындагы приоритеттерди аныктоо менен биздин мамлекетке тыштан келип билим алууну каалагандар үчүн өзүнчө билим берүү стратегиясын иштеп чыгуу жана билимди экспорттоону мындан ары дагы күчөтүү зарыл экендигин билдирет. Бул максатта биздин өлкөгө сырттан келип билим алып жаткандардын социалдык структурасын изилдөө, алар кайсы өлкөлөрдөн келип жаткандыгын, алар үчүн жогорку билимдин кайсы багыттары артыкчылыкка ээ экендигин, тек гана бизде жогорку билим алуу арзан болгондуктанбы же башка себептер бар экендигин аныктоо менен билим берүүнүн сапатын дагы жогорку деңгээлге көтөрүү маселесин чечүүгө өбөлгө түзөт.

5. **Учурдагы жогорку билимге мүнөздүү көп баскычтуулук жана көп мазмундуулук.** Бул факторго байланыштуу америкалык жана англиялык терминологияларда бакалавр деңгээлинде билим алгандар **undergraduate**, ал эми бакалаврдан кийинки магистердик жана докторлук деңгээлдеги билимдерге **graduate** деген аталыштар берилет. Ал эми докторлук деңгээлдеги билим бар болуп, билимин андан ары жогорулатууну каалагандар **postgraduate** билимин алышат. Учурда Кыргызстандын

жогору окуу жайлары көп баскычтуу жогорку билим берүүнүн биринчи деңгээлин ишке ашыруунун үстүндө иштеп жатат. 2012-жылы КР бардык жогорку окуу жайлары бакалавр деңгээлинде билим берүүгө өттү жана 2016-17-окуу жылында КР ЖОЖдор жапырт бакалавр деңгээлиндеги бүтүрүүчүлөрдү чыгарышат. Бул билим тармагында акыркы 20 жыл аралыгында жүргүзүлүп келе жаткан реформалардын эң маанилүүсү болуп эсептелет.

Биринчи бүтүрүүчүлөр университетти аяктаганда аларды иш орду менен камсыз кылуу маселеси дагы келип чыгат. Мунун себеби Болония декларациясынын талаптарына ылайык бакалавр деңгээлиндеги жогорку билимдин вазийпасы жупуну келип, эң негизгиси жалпы кесиптик маданиятты, негизги ишмердүүлүк компетенцияларга, баарлашуу маданиятына ээ болуу менен, орто деңгээлдеги жардамчы кызмат аткарууга даярдалат. Бирок ушул убакытка чейин жогорку билимдин биринчи баскычын бүтүргөн бакалаврлар үчүн иш орундарынын белгисиз экендиги жалпы коомчулукту жана педагогдорду тынчсыздандырып келет. “Алар илимдин, өндүрүштүн, маданияттын, билимдин кайсы тармагында, кандай кесиптик милдеттерди, функцияларды аткара алышат?” деген суроо ачык бойдон калууда. Иш орду менен камсыз болбогон бүтүрүүчүлөрдүн басымдуу бөлүгү жогорку билимдин экинчи баскычына - магистратурага өтүүгө аракет кылышат. Бул жерде дагы башка проблемалар келип чыгат.

Буга байланыштуу, көп баскычтуу жогорку билимдин экинчи баскычындагы билим кандай болуусу керек деген суроого жооп берүү үчүн башка өнүккөн өлкөлөрдүн тажрыбасына кайрылуу зарылчылыгы келип чыгат. АКШнын, Түркиянын, Россиянын ж.б. өлкөлөрдүн жогорку билим берүү тажрыйбасына кайрыла турган болсок, өлкөнүн экономикалык, маданий зарылчылыктарынан келип чыккан толук жогорку билимдин /магистратуранын/ эки түрү бар экендигин көрүүгө болот. Бул билим программаларындагы айырмачылык бүтүрүүчүлөр тарабынан магистердик диссертациялык ишти жазуу жана жазбоосу менен айырмаланат. **Магистратураны диссертациялык иш жазбастан** бүтүргөндөр, негизинен, практикалык ишке адистик даярдыктан өтүшүп, келечекте адистик милдет аткарууга даярдалышат. **Магистратураны диссертациялык иш жазуу менен** бүтүрүүчүлөр илимий, академиялык ишке багыт алышып, келечекте илимий-педагогикалык чөйрөдө эмгектенүү даярдыгынан өтүшөт.

Кыргыз Республиасындагы толук жогорку билимди камсыз кылуучу магистратуранын эки түрдүү жолун тандоо керек экендигин көрүүгө болот. Эки формадагы (диссертациялуу жана диссертациясыз) магистратураны тандап алуу менен, тигил же бул багыттагы практикалык ишке даяр адистерди жана илимий теориялык жактан изилдөө иштерине даяр боло турган адистерди даярдоо мүмкүнчүлүгү ачылат.

Учурдагы Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларында жүрүп жаткан реформалар дүйнөлүк билим мейкиндигинде жүрүп жаткан тендецияларга шайкеш болуу менен бирге, өлкөнүн ички муктаждыктарына ылайык билим стандарттарын аныктоо, мурдатан калыптанып калган билим программаларын өркүндөтүү, өндүрүштүн, социалдык маданий өнүгүү талаптарына жооп бере ала турган жаңы билим программаларды иштеп чыгуу, жалпы жогорку билимдин мазмунун модернизациялоо, ИТП талаптарына жооп бере турган берүү технологияларды билим берүү процессине киргизүү, эң негизгиси, билимдин сапатын жогорулатуу сыяктуу теориялык жана илимий-методикалык деңгээлдеги көйгөйлөрдү чечүү алдында турат.

Адабияттар:

1. Абдырахманов Т.А. Идеология, язык и религия в образовательной политике Кыргызстана. - http://cyberleninka.ru/article/n/religioznaya-situatsiya-i-religioznoe-obrazovanie-v-kyrgyzstane (дата просмотра 06.04. 2016)

2. Концепция укрепления единства народа и межэтнических отношений в Кыргызской Республике. – Б., 2013. – 23 с.

3. Нурбек Жениш. Экспорт услуг высшего образования в Кыргызстане. - http://www.ucentralasia.org/downloads/UCA-IPPA-WP-7-Education_Rus.pdf (дата просмотра 01.04.2016).